**Кырбашова Майрамкүл Турганбековнанын «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий опоненттин**

**ПИКИРИ**

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Азыркы учурда орто мектепте билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун негизги милдеттеринин бири окуучуларды инсандык жактан калыптандыруу жана алардын таанып-билүүчү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү процессин ишке ашыруу болуп эсептелет. Жогорудагы милдетер “Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамында”, “Жалпыга орто билим берүүнүн мамлекетттик стандартында”, “2020-жылга чейинки Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында” чагылдырылган.Аталган документтерде окуучуларды өз алдынча таанып-билүүчүлүккө, чыгармачылык жактан өз алдынча өнүгүүгө жөндөмдүү инсан катары калыптандыруу негизги милдеттердин бири болуп белгиленген.

Таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн негизги максаты окуучуларда өз алдынча жаңы билимдерди түрдүү булактардан алууга, таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн ыкмаларына ээ болууга, аларды чыгармачылык менен ар кандай проблемаларды чечүүдө тиешелүү билимдерди пайдаланууга болгон көндүмдөргө үйрөтүү.Таанып-билүүчүлүк өз алдынчалык-инсандын социалдык мааниге ээ болгон касиеттеринин бири.Окуучуларды жашоодо ийгиликтүү болууга даярдоо зарылдыгын башкы максат катары коюп жаткан шартта мектепте окуучуларды билимдин белгилүү суммасына ээ болгон адам гана эмес, таанып- билүүчүлүук өз алдынчалыгы өнүккөн инсан катары калыптандыруу зарыл. Бул изилдоонун актуалдуулугун негиздейт.

**2. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы**

Диссертацияга коюлган талаптын негизинде КР ЖАКтын Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун 2.10. пунктуна ылайык төмөнкү жаңы илимий натыйжалар жана сунуштар алынган:

**1-натыйжа.** Изденүүчү биология преметин окутуу процессинде окуучулардын таанып билүү өз алдынчалык проблемасынын педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалын, өзгөчөлүктөрүн анын методологиялык негиздерин аныктоо үчүн философиялык, педагогикалык, илимий-методикалык адабияттарды, таанып-билүү процессине арналган конференциялардын материалдарын биология предметинин окуу программаларын, окуу китептерин изилдөөгө алган.

**2-натыйжа.** Стандарттык эмес сабак аркылуу окуучуларыдын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруунун технологиясын иштеп чыккан. «Стандарттык эмес сабак» түшүнүгүнүн маңызы такталып, «проблемалуу сабак», «салттуу эмес сабак», «стандарттык эмес сабак» түшүнүктөрүнүн мазмуну аныкталган.

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып,стандарттык эмес сабактардын типологиясын кайрадан иштеп чыккан.

Алар жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруунун теориялык моделинде чагылдырылган.

Биология предметин окутуну өнүктүрүүдө колдонулган стандарттык эмес сабактардын билим берүүчүлүк, тарбия берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, маалыматтык, стимулдук, рефлексивдик, интеграциялык жумушчу функциялары аныкталган.

**3-натыйжа** Биология предмети боюнча окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандырууда окуу прцессин туура уюштуруу түздөн-түз жардам берерин эске алып изилдөөдө төмөндөгүдөй педагогикалык шарттар аныкталган: таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктө окуучулардын өз

алдынча иштөөсүнүн мазмунун калыптандыруу, пландаштыруу, уюштуруу, иштөөсүн жетектөө, өз алдынча иштөөсүн аткарууну текшерүү. Таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыктын маңызы, анын түзүлүшү жана деңгээлдери биология предметин окутууда стандарттык эмес сабактар аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруунун теориялык моделин түзүүгө мүмкүнчүлүк берген.

**4-натыйжа** Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары стандарттык эмес сабактардын биология предметин окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу денгээлин жогорулатууга олуттуу таасир тийгизерин көрсөткөн. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары көрсөткөндөй, биология предметинде жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын өнүктүрүү максатында стандарттык эмес сабактарды колдонуу натыйжалуу жыйынтыктарды бергенин жана билим денгээлинин оң динамикасы байкалган.

Иштин натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Илимий 12 макала жарыяланып, алардын ичинен бешөө РИНЦ системасында жарыяланган. Ошондуктан, диссертант тарабынан алынган илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар негиздүү болуп эсептелинет жана илимдин аталган багыты үчүн өзгөчө мааниге ээ.

### 3.Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.

Диссертациялык изилдөө илимий жана практикалык мааниге ээ болуп эсептелет, анткени ал алгачкы жолу мугалимдерди стандарттык эмес сабактар аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу боюнча теориялык жактан негизделген жана практика жүзүндө сынактан өткөрүлгөн методикалык иштелмелер менен камсыз кылат. Окуучулардын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу багытында иштелип чыккан жана сыноодон өткөн педагогикалык шарттарды, диссерттанттын өз тажрыйбасы көрсөткөндөй,

биология сабагында тикеден–тике жетекчиликке алууга болот. Ошондой эле изилдөөнүн материалдарын жогорку окуу жайларда болочок биология мугалимдерин кесиптик-педагогикалык жактан даярдоонун мазмунун жана методикасын өркүндөтүүдө колдонуга мүмкүн.

**4. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.**Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы күмөн жана шек туудурбайт.Алардын жыйындысы педагогика илимин өнүктүрүү үчүн чоң мааниге ээ болот.

Иште алынган натыйжалар илимий прикладдык жактан жетишээрлик баалуулугу менен мүнөздөлөт. Анткени, биология сабагын окутуу процессинде жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу багытында иштелип чыккан жана сыноодон өткөн педагогикалык шарттарын сунуштоо, билим берүү системасындагы актуалдуу маселелердин бирин чечүүгө өз салымын кошот. Алынган натыйжалар ички биримдикке ээ, практикалык сунуштар текшерилген, теориялык жоболорго негизделген.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын актуалдуулугунун негизделишине, изилдөөнүн проблемалуулугуна, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго,изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына,диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**6.Диссертациянын мазмунун дагы жана авторефераттагы кезиккен мүчүлүштүктөр.**

Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган:

1. Таанып билуучулук оз алдынчалык тушунугуно, алардын компоненттерине, критерийлерине жана денгээлдерине карата окумуштуулардын коз караштары диссертацияны 16-25 беттеринде талдоого алынган, бирок КР да орто билим беруунун мамлекеттик стандартында бул проблема кандай каралган, келечекте биология предмети боюнча окуу программаларын, окуу китептерин тузуудо жана даярдоодо окуучу жана мугалим эмнелерге конул буруу керектиги, кандай компетенттуулукко ээ болуусу зарыл экендиги жонундо маалыматтар жок.

2. "Биология" предметин окутууда окуучулардын таанып билуучулук оз алдынчалыгын онуктуруудо колдонулган стандарттык сабактарда кандай информациялык- коммуникациялык технологиялар, каражаттар, видео материалдар ж.б. колдонулганы жонундо диссертацияда берилген эмес.

3. Стандарттык эмес сабактардын типтери бирдей классификацияга ээ болбогондуктан, мектепте иштеп жаткан жана болочок биологиянын мугалимдерин даярдоо, кайра даярдоо процесси жонундо талдоолор жок. Бул проблема талдоого алынса изилдоонун мазмууну мындан да теренирээк болмок.

Бирок, бул кемчиликтер диссертациянын мазмуунуна жана жалпы баалуулугун томондотпойт.

**7. КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө, жобонун» 10 п. ылайыктуулугу, критерийлерине иштин жооп бериши (критерийлер тиркелет).**

Кырбашова Майрамкүл Турганбековнанын «Стандарттык эмес сабак аркылуу жогорку класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыгын калыптандыруу» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши актуалдуу темага арналып, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Главалардын мазмуну, алынган натыйжалардын берилиши, педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө алынган далилдер илимий жактан негизделген.

Илимий иш өз алдынча аткарылган, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Илимий иштин жыйынтыктарынын жаңылыгы жана ынанымдуулугу башка изилдөөлөрдөн айырмаланат. Автордун өздүк көз караштары, жоболордун берилиш логикасы, жыйынтыктар жана практикалык сунуштар объективдүү көрсөткүчтөргө ээ болгон.

Диссертациялык иш КРнын ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын алууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент:**
**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор** **Д.Б. Бабаев**